**DOI:10.33942/sit1280** **УДК 372.851**

# АНАЛИЗ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ТЕХНИЧЕСКИХ КОЛЛЕДЖЕЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Жунушалиева Нурзат Манасовна**
*директор Международного колледжа IT и бизнеса Салымбеков университет,*
*e-mail:* nurzat255@gmail.com

***Аннотация:*** *Являясь важной частью непрерывного образования в Кыргызской Республике, профессиональное образование представляет собой школу формирования и развития профессиональных навыков молодого специалиста. Профессиональное образование молодого поколения осуществляется средними профессиональными училищами. Одним из важных вопросов здесь является определение состояния средних профессиональных учебных заведений. Статья посвящена вопросу определения ситуации в сфере среднего профессионального образования в Кыргызской Республике. В этом направлении были проанализированы работы кыргызстанских исследователей и состояние деятельности в средних профессиональных учебных заведениях. Отмечены положительные аспекты и недостатки, указанные в работах и документах. Выявление недостатков в СПО мотивирует исследователей определять пути его совершенствования и развития, проводить концептуальную работу по соответствующим направлениям, разрабатывать предложения в научном плане.*

***Ключевые слова:*** *образование, среднее профессиональное образование, учебная программа, государственный образовательный стандарт, учебные курсы.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЕХНИКАЛЫК КОЛЛЕДЖДЕРИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮНӨ АНАЛИЗ

**Жунушалиева Нурзат Манасовна**
*Салымбеков университетинин эл аралык IT жана бизнес колледжинин директору,*
*e-mail:* nurzat255@gmail.com

***Аннотация:*** *Кыргыз Республикасында үзгүлтүксүз билим берүүнүн маанилүү бөлүгү катары, кесиптик билим берүү жаш адистин кесиптик көндүмдөрүн калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн мектеби болуп саналат. Жаш муундарды кесипке тарбиялоодо орто кесиптик окуу жайлары өзүлөрүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарышат. Мында маанилүү маселелерден болуп, орто кесиптик окуу жайларынын абалы абалы кандай экенин аныктоо. Макала Кыргыз Республикасындагы орто кесиптик билим берүүдөгү абалды аныктоо маселесине арналган. Бул багытта кыргыз изилдөөчүлөрүнүн эмгектерине жана орто кесиптик окуу жайларындагы ишмердүүлүктүн абалына анализ жүргүзүлгөн. Эмгектерде жана документтерде көрсөтүлгөн алгылыктуу жактар жана кемчиликтер белгиленген. Орто кесиптик окуу жайларындагы мындай кемчиликтерди келтирүү аны жакшыртуунун жана өнүктүрүүнүн жолдорун аныктап алууга, тиешелүү багыттарда концептуалдуу иштерди жасоого, илимий багытта сунуштарды иштеп чыгууга түрткү берет.*

***Ачкыч сөздөр:*** *билим берүү, орто кесиптик билим берүү, окуу программасы, мамлекеттик билим берүү стандарты, окуу курстары*

# ANALYSIS OF THE ACTIVITIES OF TECHNICAL COLLEGES OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Nurzat Zhunushalieva**
*Director of International College of IT and Business Salymbekov University*
*e-mail: nurzat255@gmail.com*

***Abstract:*** *As an important part of continuous education in the Kyrgyz Republic, vocational education is a school for the formation and development of professional skills of young specialists. Vocational education for the younger generation is provided by secondary vocational schools. One of the important issues here is to determine the state of secondary vocational educational institutions. The article is devoted to the issue of determining the situation in the field of secondary vocational education in the Kyrgyz Republic. In this direction, the works of Kyrgyz researchers and the state of activity in secondary vocational educational institutions are analyzed. Positive aspects and shortcomings indicated in the works and documents are noted. Identification of shortcomings in SPO motivates researchers to determine ways of its improvement and development, conduct conceptual work in the relevant areas, and develop proposals in scientific terms.*

***Key words:*** *education, secondary vocational education, curriculum, state educational standard, training courses.*

Орто кесиптик билим берүү дээрлик 30 жылдан ашык убакыт бою жаңылануунун үстүндө болуп келүүдө. Изилдөөчүлөр бул багыттагы кемчиликтер туурасында, орто кесиптик билим берүүнү жакшыртуунун жолдору туурасында кеп кылышат. Кыргыз окумуштуусу Б.И. Исмаилов Кыргызстандагы орто кесиптик билим берүүнүн абалы тууралуу төмөндөгүдөй баяндайт. Эгемендиктин жылдарында Кыргызстандын орто кесиптик билим берүүсү «жашоонун» эң татаал этабын башынан өткөрдү. Орто кесиптик окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү эмгек рыногунда талап кылынбаган бойдон калууда. Анткени орто кесиптик окуу жайлары көптөгөн кемчиликтерден арыла албай келүүдө. Окумуштуунун билдиргенине ылайык, бул жылдары орто кесиптик окуу жайлары тиешелүү лабораториялар менен жетишсиз камсыз болушкан. Эски мекемелерде алар сакталып калган, бирок жаңы мекемелерде иш жүзүндө түзүлгөн эмес. Учурдагы лабораториялар эскирген, заманбап жабдуулар жана приборлор менен жабдылган эмес. Бул орто кесиптик окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнө суроо-талаптын жоктугуна алып келет. Бүгүнкү күндө орто кесиптик билим берүү уюмдарында көрсөтүлүп жаткан билим берүү кызматтарынын сапаты жана окуучулардын билим сапаты көп нерсени күтүүдө. Математика, тарых, кыргыз тили жана орус тили предметтери боюнча билимдерине мониторинг жасоонун жыйынтыгы студенттердин билим деңгээли төмөн экенин көрсөттү, – деп белгилейт Б.И. Исмаилов [1].

Республика боюнча орто кесиптик билим берүү мекемелеринин окуу китептери менен камсыз болушу 60%ке жакын. Көпчүлүк орто кесиптик билим берүү мекемелеринин китепканалык фонду эскирген. Электрондук окуу китептери жок. Орто кесиптик окуу жайларынын мугалимдери тарабынан жазылган окуу китептери дээрлик жок. Мындай абал профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясынын жетишсиздигинен кабар берет, аны дайыма өркүндөтүп туруу зарыл. Көптөгөн орто кесиптик билим берүү мекемелеринде окуучулардын интернетке эркин кирүү мүмкүнчүлүгү жок, бул студенттердин маалыматтык коопсуздугун чектейт. Колдо болгон окуу китептеринин жана окуу куралдарынын мазмуну жаңыланууну талап кылат [1].

Орто кесиптик билим берүүнүн тажрыйбасын анализдөө көрсөткөндөй, азыркы учурда бул багытта бир нече маанилүү көйгөйлөрү бар [2, 43-б.].

Биринчиден, билим берүүнүн мазмунунун, окутуунун көлөмүнүн жана мөөнөттөрүнүн шайкеш эместиги, окуу жана материалдык-техникалык базанын начардыгы, адистерди даярдоонун азыркы өлкөнүн социалдык - экономикалык шарттарынын талаптарына ылайык келбегендиги.

Экинчиден, орто кесиптик билим берүү системасында кадрдык потенциалдын начардыгы. Орто деңгээлдеги окутуучулардын 80% дан ашыгы окутулуп жаткан дисциплинанын профили боюнча жогорку техникалык билимге же жогорку кесиптик билимге ээ, бирок, педагогика, психология жана сабактарды окутуу методикасы боюнча атайын даярдыктары жок.

Үчүнчүдөн, кесиптик билим берүүнүн талап кылынган деңгээли менен учурдагы деңгээлдеринин ортосундагы ажырым бар.

Колледждерде окуу процесси мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде уюштурулат. Бирок, уюштуруу жагынан дагы, методикалык жактан дагы айрым кемчиликтер бар. Ф. Ш. Кулуеванын ырастоосуна ылайык, студенттерди даярдоодо окутуучулардын даярдыгы методикалык жактан начар; окутуунун заманбап каражаттары жетишсиз; компьютердик технологияны колдонууда окутуучулардын даярдыгы начар; кесиптик багыттагы тапшырмалардын жокко эсе; колледждерде интернетке толук кошулуу мүмкүнчүлүгү жок [3, 8-б.].

И.К. Молдоисаева колледждин окутуу процессинде предметтер аралык байланыштын ролун ачып көрсөтүү менен, бул багытта бир топ маселелер бар экенин белгилейт. Предметтер аралык байланыш илимий билимдерди интегрлештирүү аркылуу билим берүү системасын жакшыртуунун объективдүү негизи болуу менен системалык ой жүгүртүү, заманбап илимий билимдердин өзгөчөлүгүн чагылдырып, белгилүү бир жалпы методологиялык негизди түзөт.

Бирок, ошол эле учурда, предметтер аралык байланыштардын бир гана кесиптик дисциплиналар боюнча байланышы гана каралып, окуу процессинде башка табыгый илимдер менен байланышы жана заманбап маалыматтык коомдогу байланыштардын талаптары жетишсиз каралгандыгын белгилөөгө болот [4, 32-б.].

Ч.М. Алиеванын изилдөөсүндө колледждерде орто кесиптик билим берүүнүн, анын ичинде экономикалык адистиктин студенттерине математиканы окутуунун абалы үч багытта иликтенген жана тиешелүү сунуштар айтылган [5, 30-б.]:

- математика курсун окутуунун укуктук-нормативдик документтерге, окуу пландарындагы сааттарынын көлөмүнө талдоо жүргүзүү;
- окуу программаларына, курстун мазмунуна, окуу-методикалык куралдарга, адабияттар ж.б. менен жабдылышына иликтөө жүргүзүү;
- экономикалык колледждерде билим алып жатышкан студенттерден жана математика курсунан берген окутуучулардан анкеталарды, текшерүү иштерин алуу, анализдөө.

Орус изилдөөчүсү М. Ситникованын изилдөөсүндө орто кесиптик билим берүүдө орун алган көйгөйлөр белгиленген [6]:

- билим берүүнүн мамлекеттик стандартында орто кесиптик билим берүүнүн бүтүрүүчүлөрүнүн базалык деңгээлине талаптардын күчөтүлүшү;
- сабактан тышкары окуу жүктөмдөрүнүн көбөйүшү менен студенттердин өздүк иштеринин үлүшүнүн көбөйүшү, математиканы окутууга аудиториялык сааттардын азайышы;
- жалпы математикалык даярдыктын төмөндөшү, студенттердин математикалык каталарын жоюуга сааттардын кыскарышы;
- программалардын жаңыланышы менен, окуу методикалык камсыздоолордун жокутугу;
- сааттардын кыскарышы менен, ошол эле учурда маалыматтык технологияларды колдонуу талаптарынын күчөшү.

Ушул сыяктуу көйгөйлөрдү чечүү, орто кесиптик билим берүүнү жакшыртуу зарылдыгы тууралуу башка изилдөөчүлөр дагы өз пикирлерин билдиришет [56; 57; 58; 59; 60; 61; 62].

Жогорудагы эмгектерди талдоо көрсөткөндөй, орто кесиптик билим берүүдө бир топ проблемалар орун алган. Авторлор аталган кемчиликтерди жоюу зарылдыгын жана аны менен кошо окутуу процессинин сапатын жакшыртуу, студенттердин кесиптик билимдерге ээ болуудагы предметтердин ролун баса белгилешет.

***2. Орто кесиптик билим берүү системасындагы азыркы абал.*** Маалым болгондой, орто кесиптик билим берүү мекемелери кесиптик даярдоо менен катар орто жалпы билим берүүнүн негизги билим берүү программасын ишке ашырышат. Мындан тышкары, бул мекемелерде «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында жалпы (негизги жана кошумча) жана кесиптик (негизги жана кошумча) билим берүү программалары ишке ашырылат [7]. Мыйзамдын 12-беренесине ылайык орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарына колледж, техникум кирет. Жалпы билим берүүчү мектептерде кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча окуу мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген ченемдик мөөнөттөргө ылайык белгиленет: 2 жыл 10 ай – негизги жалпы билим берүүнүн базасында (9 класс), 1 жыл 10 ай – жалпы орто билимдин базасында (11-класс).

Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программалары күндүзгү, сырттан (кечки), сырттан окуу формаларында жана экстернат түрүндө өздөштүрүлүшү мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети тарабынан 2020-жылга карата түзүлгөн ачык маалыматтар боюнча Кыргызстанда жалпысынан 138 орто кесиптик билим берүү мекемеси, анын ичинен 33 мамлекеттик жана 105 жеке менчик билим берүү уюмдары бар. Бул окуу жайларында 98066 студент билим алат [8]. Атайын дисциплиналарды окуп үйрөнүүнүн ийгилиги, акыры, адистин даярдыгынын сапатын аныктайт. Келечектеги адистерди даярдоонун сапатын жакшыртуу орто кесиптик окуу жайларындагы окутуунун негизги милдети болуп саналат, бул айрыкча азыркы учурда, эмгек рыногундагы катуу атаандаштыктын шартында даана байкала баштады [10]. Атайын билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн деңгээли бүтүрүүчүнүн андан аркы ишке орношуусуна жана карьерасына түздөн-түз таасир этет. Буга байланыштуу, азыркы күндө, орто кесиптик билим берүүнүн алкагында өзгөчө бир жагдай пайда болду десек болот:

- бир жагынан, рынок экономикасынын шартында өндүрүш квалификациялуу адистерге өтө муктаж, бирок кесипке даярдоо эски система боюнча уюштурулган, кесипке ээ болгон жумушчулар жаңы шартка даяр эмес, ал эми ишканаларда жумушчуларды кайра даярдоого каражат жок жана ишканалар өзүлөрү буга кызыкдар эмес;

- экинчи жагынан, кесиптик-техникалык билим берүү системасы эмгек рыногунун өсүп жаткан талаптарына ылайык кадрларды даярдоонун сапатын олуттуу өзгөртүүгө али даяр эмес.

Бул – азыркы учурдагы кесиптик билим берүүдө окуу максаттарына коюлган талап менен заманбап өндүрүш чөйрөсүндөгү заманбап жумушка коюлган талаптардын ортосундагы ажырым кеңейгендигин аныктайт. Азыркы адистердин кесиптик билиминин мазмуну техниканын жана технологиянын өнүгүшүнөн артта калып жатканы белгилүү.

Негизги жалпы билим берүүнүн базасында орто кесиптик билим берүү мекемелерине кирген окуучулардын жаш мезгили, жаш курактык мезгилдүүлүк шкаласы боюнча 15-17 жашка туура келет. Өспүрүм курак үчүн жетектөөчү ишмердүүлүк билим берүү жана кесиптик ишмердүүлүк болуп саналат, анын жүрүшүндө дүйнө тааным, кесиптик кызыкчылыктар, өзүн-өзү аңдоо, кыялдар жана идеалдар сыяктуу жаңылануулар калыптанат. Бул мезгилде психиканын басымдуу когнитивдик сферасы өнүгүп, таанып-билүү иш-аракети так кесипти билүүгө багытталган. Өспүрүм куракта кесипти тандоо дайыма эле жетиштүү аң-сезимдүү жана түрткү боло бербейт. Чындыгында орто кесиптик билим берүү системасынын окуу жайларында кээ бир учурларда ар кандай себептерден улам мектепте жана ЖОЖдордо окуй албаган балдар кабыл алынат.

Кесиптик орто билим берүү системасындагы окуучулардын олуттуу бөлүгүнүн өзгөчөлүгүнөн болуп алардын окуу ишмердүүлүккө начар мотивацияланышы, ошондой эле мектептик базалык билимдердин өтө төмөн деңгээли саналат. Көбүнчө ушул жагдай аларга окутуу программасын толук өздөштүрүүгө жол бербейт.

Орто кесиптик билим берүү тармагы менен иш берүүчүлөр кызматташууда алар билим берүү мекемелеринин деңгээлине гана эмес, билим берүү мекемесинин түрү, анын билим берүү чөйрөсүндөгү рейтингдик көрсөткүчтөрүнө да өзгөчө көңүл бурушат. Азыркы учурда жумуш берүүчүлөр үчүн бүтүрүүчүнүн билим деңгээли гана маанилүү эмес, кесиптик окуу жайдын аталышы, андагы билим берүүнүн формасы, билим берүүнүн жетишкендиги да маанилүү. Билим берүү уюмдары тарабынан орто кесиптик билим берүүнү өнүктүрүүнүн мамлекеттик программалары, мамлекеттик билим берүү стандарттары, Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү адистиктеринин тизмеси, кесиптик орто билим берүү мекемелеринин типтүү жоболору ишке ашырылууда. Кыргызстандын орто кесиптик билим берүү системасы менен Азия өнүктүрүү банкы, эл аралык эмгек уюму, Европа биримдигинин өкүлчүлүгү жана өнүккөн чет мамлекеттер менен эл аралык кызматташтыгы активдүү иштерди жүргүзүп жатат.

2017-жылдын ноябрында АӨБ «Секторду өнүктүрүү: билим берүү системасын бекемдөө» программасы аркылуу негизги компоненттердин ичинен төмөнкүлөргө артыкчылыктар берилген [9]:

- орто билимден кийинки техникалык жана кесиптик билим берүү жана окутуу үчүн көндүмдөр;
- мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу.

Демек өткөөл мезгилдин бардык кыйынчылыктарына карабастан, орто кесиптик билим берүү системасы келечекте өнүгүү мүмкүнчүлүгүнө ээ экени байкалат. Бирок, ошол эле учурда, бүгүнкү күндө орто кесиптик билим берүү кризистик абалда деп айтууга болот. Бул биринчи кезекте азыркы коомдо жумушчу кесиптердин беделинин төмөндөшү, орто кесиптик билим берүү системасынын туруксуздугу менен байланыштуу. Жаштар айрым жумушчу адистиктерди, анын ичинде техникалык профилдеги кесиптерди көп жактыра беришпейт. Республикадагы кесиптик ишмердиктин учурдагы шарттары, эмгек акынын аздыгы, кесиптик өсүүнүн жана өнүгүү перспективаларынын жоктугу, социалдык абал жаштардын бул окуу жайларын тандап алуусунан баш тарттырат. Мындан тышкары, Жалпы республикалык тесттен өтпөй калган же «начар окуган» балдар гана орто кесиптик окуу жайларына барат деген пикир коомдо калыптанып калган. Мына ушулардын бардыгы жаштардын орто кесиптик окуу жайларына каалоосун азайтып, алардын жогорку окуу жайларына гана тапшыруусуна, же түз эле эмгек рыногуна кетишине өбөлгө түзөт. Бирок ошол эле учурда, азыркы эмгек рыногунун шартында, республикадагы өндүрүш орто кесиптик билимдүү адистерге муктаж экенин дагы эске алуу зарыл.

Биздин оюбузча, орто кесиптик билим берүү системасында, анын ичинде техникалык профилдеги дисциплиналар боюнча стандарттын базалык деңгээлин ишке ашыруунун проблемасына жетишээрлик көңүл бурулбай жатат. Азыркы учурда орто кесиптик билим берүүнүн төмөнкүдөй көйгөйлөрү байкалат деп айтууга болот.

Биринчиден, бул билим берүүнүн мазмунунун, орто кесиптик кадрларды даярдоонун көлөмүнүн жана мөөнөттөрүнүн, окуу жайларындагы материалдык-техникалык базанын абалынын, адистерди даярдоонун методдорунун азыркы өлкөнүн социалдык-экономикалык шарттарын жакшыртууга карата коомдун алдыга койгон катуу талаптарга дал келбегендиги.

Экинчиден, кесиптик билим берүү системасындагы кадрдык ресурстардын абалы. Орто звенодогу мугалимдердин 80%дан ашыгы окутулуп жаткан дисциплинанын профили боюнча жогорку техникалык билими же жогорку кесиптик билими бар, бирок алардын педагогика, психология жана дисциплиналарды окутуу методикасы боюнча атайын даярдыктары жок.

Үчүнчүдөн, кесиптик билим берүүнүн талап кылынган жана жеткиликтүү деңгээлдеринин ортосундагы ажырым күчөп баратат.

Орто кесиптик билим берүү системасында жалпы билим берүүчү дисциплиналарды окутуунун өзгөчөлүгү бар. Анын эң маанилүү аспектилерине токтоло кетели. Орто кесиптик билим берүү системасынын окуу жайларынын алдында турган негизги максат – бул тармак боюнча жогорку квалификациялуу адисти даярдоо болуп саналат. Албетте, жалпы билим

берүүчү дисциплиналардын потенциалы да эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук бере ала турган билимдүү адисти даярдоого багытталышы керек.

Кесиптик орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты кесиптик орто билим берүү уюмдарында орто (толук) жалпы билим алуунун белгиленген тартибин колдойт. Ошону менен бирге адистештирилген жалпы билим берүүнү, анын ичинде техникалык окууну ишке ашыруу каралат. Окуучулардын окуунун бардык жылдарындагы милдеттүү жана максималдуу окуу жүгүн көрсөтүүчү предметтердин жалпы тизмесин жөнгө салуучу негизги документ орто кесиптик билим берүүнүн звеносунда жумушчу окуу планы болуп саналат.

Техникалык профилдеги орто кесиптик билим берүүчү окуу жайлары техниктин квалификациясы бар кесиптердин жана адистиктердин кеңири спектри боюнча адистерди даярдайт, анын ичинде: электротехник, техник-механик, радиотехник, эсептөө системаларынын техниги, инженер-программалык камсыздоо, имараттарды куруу жана эксплуатациялоочу жана структуралар, архитектура жана башка көптөгөн нерселер. Белгилүү профиль боюнча бирдиктүү, үлгүлүү программаны түзүү, белгилүү болгондой, билим берүү системасындагы бул звенону башкарган органдардын компетенциясына кирет. Ошону менен бирге бул звенонун мугалимдери программаны түзүүдө жумушчу окуу пландарынын өзгөчөлүктөрүн, окуу-тарбия процессинин графигиндеги айырмачылыктарды эске алган белгилүү иштеп чыгууларга ээ жана биздин оюбузча, бул максатка ылайыктуу.

### Пайдаланылган адабияттар


1. *Исмаилов Б.И., Акулова Б. Актуальные проблемы системы среднего профессионального образования Кыргызстана [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://dergipark.org.tr/tr/download/article-fifile/574828*
2. *Жунушалиева Н.М., Калдыбаев С.К. Орто кесиптик билим берүүдө кадрларды даярдоонун өзгөчөлүктөрү // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2023. – № 3. – 41-48 бб.*
3. *Кулуева Ф.Ш. Колледждерде МКТны кесипке багыттап окутуунун педагогикалык шарттары. Педаг. илимд. канд. ... диссерт: 13: 00.01. – Бишкек, 2019. – 28 с.*
4. *Молдоисаева И.К. Колледждердин экономика багытындагы студенттерине математикалык билим берүүнүн илимий-методикалык негиздери. Педаг. илимд. канд. ... диссерт: 13: 00.02. – Бишкек, 2022. – 164 б.*
5. *Алиева Ч.М. Экономикалык колледждердин студенттеринин математикалык компетенттүүлүгүн ишкер оюндарды пайдалануу менен калыптандыруу. Педаг. илимд. канд. ... диссерт: 13.00.02. – Бишкек, 2017. – 189 б.*
6. *Ситникова М.А. Методика организации самостоятельной работы по математике студентов колледжа с использованием информационных технологий: автореф. дисс. ... канд. педаг. наук: 13.00.02. – Орел, 2015. – 23 с.*
7. *Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө Мыйзамы. – Бишкек, 2022. – 40 б.*
8. *Кыргыз республикасынын статистикалык жылдыгы 2016-2020. – Бишкек, 2021. – 423 б.*
9. *О ходе реализации проекта. – Бишкек, 2018. 2018. – 30 с.*
10. *Калдыбаев С., Бойко Е. Реализация Повестки дня в области устойчивого развития на период до 2030 года // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2018. – №1. – С. 52-58.*